**«Билим берүүдөгү менеджмент» магистрдик программасынын МТО(м)-1-21 тайпасынын магистранттарынын магистрдик диссертациясын алдын ала коргоодон өткөрүү боюнча МИОТ жана ББМ кафедрасынын 30.05.2023 №1 ПРОТОКОЛУ**

**Катышкандар: 13 (3 комиссия, 13 магистрант)**
**Комиссия мүчөлөрү:**
**Төрайым**: каф. п.и.к., доцент Култаева Д.Ч.
**Комиссиянын мүчөлөрү:** Окутуучулар Сооронбаева К.А., Авазова Э.Т..

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

«Билим берүүдөгү менеджмент» магистрдик программасынын МТО(м)-1-21 тайпасынын магистранттарынын магистрдик диссертациясын алдын ала коргоодон өткөрүү.

**Угулду:**

Тизме боюнча диссертациянны алдын ала коргошту.

Магистрдик диссертацияларды алдын ала коргоо боюнча ар бир магистрант өздөрүнүн темалары боюнча изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты, милдеттери, изилдөөнүн объектиси, предмети, илимий жаңылыгы, изилдөөнүн методологиялык негиздери, практикалык маанилүүлүгү, изилдөөнүн апробацияланышы боюнча маалыматтарды беришти. Аларга илимий жетекчилер жана магистранттар суроолорду беришти. Магистранттар жасаган докладдарын презентациялап, коргоого катышкан илимий жетекчилер изилдөө иштерине ылайык суроолор менен кайрылышты. Мындан сырткары магистранттардын арасынан магистрдик илиммий-изилдөө иштерине байланыштуу суроолорду беришти.

| № | Магистрлердин Ф.А.А. | Магистрдик диссертациянын темасы | Илимий жетекчилери |
|---|---|---|---|
| 1. | Акматбек уулу Медербек | Педагогикалык технологиялар аркылуу мектеп жетекчисинин жамаатты башкаруу маданиятын калыптандыруу | **Т.К.Матикеев п.и.к., доцент** |
| 2. | Алиева Аида Алашбековна | Азыркы шарттарда билим берүү мекемесинде эмгекти уюштуруунун негиздери (конкреттүү бюджеттик уюмдун мисалында) | **Э.И.Саматова э.и.к., доцент** |
| 3. | Атабек кызы Айсулуу | Окуу процессин пландоодо мугалимдин ишмердүүлүгүн долбоорлоо (дисциплинанын же модулдунмисалында). | **А.О.Келдибекова п.и.к., доцент** |
| 4. | Атаходжаева Мутабархон Маруфжоновна | Туруктуу өнүгүү максаттарын коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүдө ишке ашыруу | **М.Алтыбаева п.и.к.,проф.** |
| 5. | Кайымов Шайырбек Тургунбаевич | Электрондук окуу-методикалык комплекс дистанттык билим берүү системасынын негизи катары | **Д.Б.Бабаев п.и.д.,профессор** |
| 6. | Калыкова Назира Абсаматовна | Орто мектепте класстан тышкаркы иштерде Туруктуу өнүгүү максаттарынын принциптерин колдонуу | **М.Алтыбаева п.и.к.,проф.** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7. | Кошонова Жаннат Омуралиевна | Билим берүү мекемесинин кызматкерлерин мотивациялоо - билим берүү кызматынын сапатын жогорулатуунун фактору катары (конкреттүү окуу жайдын мисалында) | **Э.И.Саматова э.и.к., доцент** |
| 8. | Мансур кызы Танзила | Билим берүү мекемесинде методикалык ишти башкаруу | **Ш.Д.Оморов п.и.к., доцент** |
| 9. | Нурдинова Рахатай Сагынбековна | Орто мектепте окуу процессин Туруктуу өнүгүү максаттарын жүзөгө ашыруу үчүн уюштуруу жолдору | **М.Алтыбаева п.и.к.,проф.** |
| 10. | Сагынбек уулу Дилзат | Билим берүүдөгү мотивациялык менеджмент (жалпы билим берүүчү орто мектептин мисалында) | **К.А.Сооронбаева Окутуучу, магистр** |
| 11. | Токтосунова Анара Алмазбековна | Инновациялык чөйрөдө мугалимдин кесипкөйлүгүн жогорулатуу | **Д.Б.Бабаев п.и.д.,профессор** |
| 12. | Туратали кызы Акмаанай | Мектептик билим берүүдө компетенттик мамилеге ылайык окутуунун дистанттык формаларын пайдалануу | **М.Алтыбаева п.и.к.,проф.** |
| 13. | Төлөнова Алтынай Бердибековна | Окуу процессине инновациялык технологияларды кийрүү | **Э.Т.Авазова Окутуучу, магистр** |

Ар бир магистранттын илимий изилдөөсүн угуп, изилдөө иштериндеги артыкчылыктары менен бирге келтирилген кемчиликтер тууралуу сунуштар айтылды.

Жыйынтыгында магистрдик диссертациялар боюнча ар бир магистрантка илимий темасына ылайык кемчиликтерин белгилеп, магистрдик диссертацияны коргоого чейин тактоого алынышы белгиленди.

Магистрдик диссертациялардын мазмунун, сапаттык деңгээлин угуп, төмөнкүдөй чечим кабыл алынды:

**ЧЕЧИМ:**

1. Магистрдик изилдөө иштериндеги изилдөөнүн айрым түрлөрү боюнча магистранттар толуктоолорду жүргүзүүсү зарылдыгы белгиленсин.
2. Илимий-изилдөөгө байланыштуу материалдарды жыйынтоосу жана №29-бюллетендин талаптарына ылайык жасалгалоосу магистрантка жана жумушту көзөмөлдөө жагы илимий жетекчиге милдеттендирилсин;
3. Магистрдик диссертациялар боюнча авторефераттарды жана докладдарды даярдоону илимий жетекчилер көзөмөлгө алуусу зарылдыгы белгиленсин.

**Алдын ала коргоо боюнча Комиссиянын төрайымы:** **Култаева Д.Ч.**

**Катчы:** **Авазова Э.Т..**